*Гриф*

БЕКИТЕМИН

№64 мектептин директору

22 май 2016-ж.

Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын **«Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынан алынган илимий реализациялоо жөнүндө.

АКТ

**Курамында:** комиссиянын төрагасы – Бишкек шаарынын №64 мектеп-гимназиянын директору Чажалиева Ф.Ш, комиссиянын төрагасынын орун басары окуу-тарбия иштеринин башчысы (кыргыз класстары боюнча) – Кармышева Т.А, комиссиянын мүчөсү окуу-тарбия иштеринин башчысы (орус класстары боюнча) – Таштанова Э.Д, комиссиянын мүчөсү мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Калыгулова К.А. «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» деген теманы иштеп чыгуу учурунда Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын диссертациясында төмөнкүдөй илимий-усулдук натыйжалар жайылтылгандыгын күбөлөндүрөт:

Илимий эмгекте окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстын окуучуларынын учурдагы абалын, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн аныктап, дидактикалык оюндар аркылуу кебин өстүрүүнүн жолдорун иликтеп, окуу максаттарын ийгиликтүү ишке ашыруунун жана окутуу ишин уюштуруп жүргүзүүнүн натыйжалуу ыкмаларын жана жолдорун иштеп чыгуу милдеттери көздөлдү. Ал үчүн “Кыргыз Республикасында 2014 – 2020-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы”, окуу программалары, окуу китептери, усулдук адабияттар, оюн ишмердүүлүгүнө зор маани берген белгилүү педагогдордун жана психологдордун, бөтөн тилди окутуу сабактарында оюн формасындагы материалдарды колдонгон окумуштуу-усулчулардын, мындан сырткары, кепти өстүрүү ыкмаларына жана аларды колдонуу өзгөчөлүктөрүнө арналган ата мекендик окумуштуу-усулчулардын эмгектери иликтенип-

үйрөнүлдү. Бөтөн тилди окутууда ал тилде баарлашууну, окуучунун кебин өстүрүүнү окутуунун максаты жана предмети катары эсептеген Л.В.Щерба менен Е.И.Пассовдун илимий эмгектерине өзгөчө басым жасалды. Дидактикалык оюндар окутуунун кептик баарлашуу көндүмдөрүн калыптандырып, кыргыз тили сабактарына коммуникативдик-кептик мүнөз берери, окуучулардын кеби өсөрү, окуу максаттары ийгиликтүү ишке ашары жана натыйжалуу ыкма катары экендиги айкындалды.

Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын диссертациясынын материалдарын реализациялоо төмөнкүлөр: башталгыч класстардын кыргыз тили бөтөн тил катары окутулган сабактарда дидактикалык оюндар окуучулардын кебин натыйжалуу өстүрүү каражаттарынан экендиги аныкталды; дидактикалык оюндар кеп өстүрүүгө негизделип түрлөргө ажыратылып, классификацияланды; аларды колдонуу максаттары белгиленип, дидактикалык оюндарды сабакта уюштуруу жана өткөрүү жолдору көрсөтүлдү; окуучулардын тил билүү деңгээлине жараша (баштооч топто) окутуу сунушталды.

Реализациялоонун натыйжалары боюнча төмөнкүдөй оң жыйынтык алынды. Башталгыч класстын окуучуларынын өздөштүргөн маалыматты турмуштук кырдаалдарда пайдалана алуусу; бул багытта ишмердик ыкманын калыптандыруу жолдору; дидактикалык оюндарды максаттуу пайдалануу ыкмалары мектеп мугалимдери, окуу китептерин түзүүчүлөр тарабынан пайдаланылат.

Комиссиянын төрагасы: Чажалиева Ф.Ш.

Комиссиянын мүчөлөрү: Кармышева Т.А.

Таштанова Э.Д.

Калыгулова К.А.

Жогорудагылардын колун тастыктайм: